*Макаланын маани жана мазмуну боюнча жогорку окуу жайлардагы көркөм искусство багытында окуган студенттерге скульптура сабагынан билим берүүдөгү методикалык өзгөчө бир багыттагы изилдөөлөр көрсөтүлгөн. Бул багыттагы окуу программаларынын колдонун жана изилдөө жүргүзгөн инсандардын эмгектерине таянуу менен изилдөөнүн максаты белгиленген.*

***Негизги сөздөр:** педагогикалык багыт, сабак окутуунун усулдары, чыгармачылык, чыгарманын мүнөзү, скульптураны чаптап жасоо, эстетикалык баамдоо, композиция, көлөм, маани.*

*Статья по методике обучения к творчеству и лепке основана на обучении изобразительной деятельности и планировании программного материала. Рассмотрены методы обучения и изложены в соответствии с программой для высших учебных заведений. Изучены результаты научных исследований последних лет в области педагогики и психологии, а также изобразительного искусства, по вопросам образования художественного направления.*

***Ключевые слова:** педагогическое направление, методика преподавания, творчество, характер творчества, лепка, эстетическая оценка, композиция, форма, содержание.*

*Article on methods of teaching creativity and modeling based on the training of graphic activity and planning of the program material.The methods of training and presented according to the program of higher education.We studied the results of scientific research in recent years in the field of pedagogy and psychology, as well as the visual arts, educational artistic direction.*

***Key words:** education, teaching methods, creativity, character creation, modeling, aesthetic appreciation, composition, form, content.*

В высших учебных заведениях по специальности педагогического направления, как правило широко используется скульптура малых форм произведения, скульптуры обычно передают образы в действии. Наиболее доступно для студентов восприятия ясно выраженного действия, поэтому при ознокомлении их со скульптурой следует обращать внимание на характер движений, постановку фигур, выражения лиц. Важно научить студентов точно называть и определять характер действия.

Имеется скульптура жанрового характера, например "Чабан" А. Мухидинова, "Старый беркутчи" Э. Кылычбекова, "В помощ Фронту" О. Мануиловой, сказочные или эпические образы: "Алмамбет и Сыргак побеждают драконов" О. Мануиловой, "Кожомкул" авторская работа и.т.д.

Важно иметь набор скульптур, изображающих животных птиц. Систематически рассматривая скульптуру со студентами, воспитатель (учитель) обогатит их восприятия.

«Через осязание и действие, которые в лепке неизбежны, обучающие яснее познают пластику и характер формы, строение, пропорции и сравнительную величину предметов».[1]

В художественном воспитании эстетике быта принадлежит такая же высокая роль, как и произведениям искусства.

Все это определяет особую роль курса "скульптура и педагогическая образование" в общей системе художественно-педагогической подготовки студентов.

«Древний спор о том, что такое педагогика наука или искусство, разбивается о практику. Испытание практикой подтверждает многократно: без глубокого знания науки воспитания не развивется искусство воспитать».[2]

Всем людям творческого труда необходимо знать искусство и понимать его. Труд воспитателя или педагога – творческий труд. Педагог осуществляет всестороннее воспитание детей, студентов и будущих учителей, и в частности эстетическое, а это требует высокой художественной культуры, преобрести которую поможет изучение изобразительного искусства, основ теории и практики изобразительной деятельности.

«Эстетическое воспитание осуществляется по всей работе от детского сада, до высшего учебного заведения».[3]

Мы остановимся на одном из его средств – изобразительной деятельности. Для полноценного проведения занятий лепкой необходимо знать методику обучения студентов изобразительной деятельности, обладеть умением рисовать, лепить, вырезать

[1] Волков Ч.П.Приобщение школьников к творчеству. - М.,1982.

[2] Бабанский Ю.К., Сластенин В.А., Сорокин Н.А. и др. Педагогика. - М., 1988. - С. 4

[3] СакулинаН.П. Методика обучения рисованию, лепке и аппликации. - М., 1966. - С.34.





чтобы делать аппликационные произведения. Все эти знания, навыки и умения даются педагогическом училище и в высших учебных заведениях.

Изучение искусства и подготовка по рисунку и лепке, художественное воспитание может осуществить педагог, подготовленной в области искусства: мы должны стараться идти, не по линии простого накопления факторов, а проникая в его суть. «Для того, чтобы яснее представлять механизм формирования этого сосотояния, необходимо хотя бы коротко остановиться на современных представлениях о функциях памяти».[4]

Каждый вид деятельности, истоки которого находятся в соответствующем виде изобразительного искусства, имеет свои характерные черты. Чтобы овладеть рисованием легкой, аппликацией, надо знать специфику этих видов изобразительной деятельности. Каждый из них имеет свои средства выразительности которые нужно учитывать при работе.

«Навыки – это компоненты сознательной деятельности и приемы ее, доведенные до автомотизации (навыки, чтения, письма, счета, работа с иглой, рубанком и.т.д)».[5]

Подлинное наслаждение и эмоциональные переживание при восприятии произведений искусства возникают только в результате знания искусства. Изучение искусства вырабатывает эстетическим оценкам, художественный вкус. Все это даст возможность отобрать из многообразия окружающей жизни явления наиболее яркие, выразительные для наблюдения с детьми и студентами, и их последующего изображения.

Изучение искусства вырабатывает художественный вкус.

Подлинное ознакомление искусством предусматривает анализ художественных направлений, творчества наиболее ярких представителей каждого направления в области искусства и ее разных жанров и видов.

Нужно сознательно и серьезно относится к лекциям по искусству, углублять свои знания, читая искусствоведческую литературу. Необходимо накопить систему знаний по искусству, не ограничиваясь тем, что предусмотрено программой.

Надо расширить круг знаний, включая знакомства со всемирной историей искусства и наряду с этим должны изучать кыргызское искусство.

«Изучать древнейшие историю Кыргызстана и кыргызов в отрыве от археологических культур вряд ли возможно».[6]

Анализ выразительности художественных произведений поможет и при создании рисунков, подведет к творческой работе.

Проводить занятия по изобразительной деятельности в учебных заведениях (школах, училищах, вузах и.т.д.) нельзя, не владея необходимыми умениями. «Занятие рисованием, лепкой способствуют развитию наблюдательности, зрительной культуры, памяти».[7] Умение наблюдать окружающее, выбирать обьекты для рисования или лепке, умение видеть и изображать его цвет, форму и конструкцию помогут правильно построить занятия. Практическая подготовка неразрывно связано с получением теоретических знаний по вопросам композиции, формы, цвета, что делает работы более осознанной, закладывает фундамент для последующей деятельности. «Учитывая специфику ученического коллектива, студент – должен в своей работе использовать разнообразные пути и средства, содействующие более глубокому изучению учебного материала – в целом».[8]

Выбирая предмет для рисования, лепке, мы должны продумать, что нужно для работы в каком материале изображения данного предмета будет выразительнее.

Основная задача рисования и лепки – передать на бумаге или глине образ предмета, сохранив его характерную форму, цвет, конструктивное построение. Умение запоминать свойства предмета вырабатывается в рисовании и лепке с натуры и творческой деятельности будущего художника и педагога.

«Ролевые позиции учителя и учащихся задают определенное соотношение статусов, влияющее на процессы формирования самооценки не только, воспитанника, но и педагога, уровень знаний и жизненный опыт которого обеспечивают высокий статус его компетентности».[9]

**Литература:**


1. Волков И.П. Приобщение школьников к творчеству. - М., 1982.
2. Бабанский Ю.К., Сластенин В.А., Сорокин Н.А.и др. Педагогика. - М., 1988.
3. СакулинаН.П. Методика обучения рисованию, лепке и аппликации. - М., 1966.
4. Гримах Л.П. Резервы человеческой психики. - М.,1967.
5. Ысакеев А. Психолого-педагогический практикум в школе. - Б., 2000.
6. ОсмоновО.Дж. История Кыргызстана. - Б., 2000.
7. Петровский А.В. Психология развивающейся личности. - М., 1987.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Калдыбаева А.Т.**

[4] Гримах Л.П. Резервы человеческой психики. - М., 1967. - С. 224.

[5] Ысыкеев А. Психолого-педагогический практикум в школе. - Б., 2000. - С. 110.

[6] Осмонов О.Дж. История Кыргызстана.- Б., 2005. - С. 35.

[7] Сакулина Н.П.Методика обучения рисованию и лепке. - М., 1966. - С. 36

[8] Ысакеев А. Психолого-педагогический практикум в школе. - Б., 2000. - С. 66.

[9] Петровский А.В. Психология развивающейся личности. - М., 1987. - С. 147.

*Содиков Нозимжан*

# ШАМС ЖАНА МЕВЛАНА

*Содиков Нозимжан*

# ШАМС И МЕВЛАНА

*Sodikov Nozimjon*

# SHAMS AND MEVLANA

*УДК: 82 (091): 82:1*

*Мевлана Желаледдин Руми акыл – ыйман – сүйүү үчилтигинде терең орду бар, чыгыш менен батышта кеңири таанымал инсан болгон. Анын эң негизги касиеттери: кыял чабыттарынын эбегейсиз кенендиги, терең билими, сезимдеринин байлыгы, табиятты сүрөттөөдөгү тасмайлыгы, сезимталдыгы жана сөз кылып жаткан нерсесине чын ыкластуу мамилеси. Ал жүрөгүндөгү сүйүүсү менен ташкындагын дарыя мисал. Бул макалада жүрүш-турушу, жашоосу менен адамдарды өзүнө багындырган айкөл, маданияты жогору, таанып-билүүсү ар тараптуу адам эле жана ошонусу менен жалпы адамзаттык руханий күчкө айлангандыгына кеңири баяндалат.*

***Негизги сөздөр***: *чыгармалардагы метафора, дидактикалык насааттар, аллегориялык образдар, метафизика илими, дербиштердин сукбаттары.*

*Мевлана Желаледдин Руми был личностью, нашедший свое место в триаде ум-совесть-любовь, широко известный востоку и западу. Основные его свойства: необычайная широта мысленного полета, глубокое знание, богатство чувств, точность и чувствительность в описании природы и чистосердечный подход к рассматриваемому предмету. Он со своей сердечной любовью подобен речному наводнению. В статье излагается личность Мевланы как человека с многосторонним познанием, высокой культурой, покоривший людей со своим поведением, жизнью и вместе с тем, превратившийся в общечеловеческую духовную силу.*

***Ключевые слова***: *метафора в его произведениях, дидактические наставления, аллегорические образы, наука метафизики, сукбаты дервишей.*

*Mevlana Rumi Zhelaleddin was a person who has found his place in the triad of mind-conscience-love, a well-known east and west. Its main properties: extraordinary breadth of mental flight, in-depth knowledge of the richness of feeling, precision and sensitivity in the description of nature and openhearted approach to the subject under consideration. He and his heart with love is like a river flooding. The article describes the personality of Mevlana as a person with knowledge of multilateral, high culture, conquered people with his behavior, life and at the same time, turned into a universal spiritual force*

***Key words:*** *metaphor in his works, didactic instruction, allegorical image, the science of metaphysics, conversation of dervishes.*

Устаттын жалпыга маалым болгон «Месневи-и Маневи», «Диван-ы Шамс-и Табризи», «Фихи Ма Фих», «Межалис-и Себа» жана «Мекатиб» аттуу чыгармалары бар. Ал өз ойлорун түшүндүрүүдө «Диван-ы Шемс-и Табризиде», кээ бир башка чыгармаларында Курандагы окуяларды колдонгон жана анын аяттарына кайрылган. Чыгармаларында метафора аркылуу теманы жеткиликтүү жана таасирдүү түшүндүрүү максатында салыштыруу усулун да кеңири колдонуп, деңизден, суудан, кемеден, оттон, токойдон, жан-жаныбарлардан, курт-кумурскалардан, аспаптардан, күнүмдүк жашоодон, тарыхтан так, жөнөкөй мисалдарды колдонуп оюн аргументтештирет. Алган мисалдары жупуну болгону менен аларда акыл-насаат идеясы башкы планга чыгат[10].

Ал эми Мевлананын педагогдорду кызыктырган жагдайы анын тарбиялануучуларга болгон гуманистик түшүнүгү жана теманы түшүндүрүүдө колдонгон жогорудагы методдору. Советтик учурда И.А.Крыловдун тамсилдерин кеңири окуп жана колдонуп келдик. Ошол тамсилден алынган сабактар дале көпчүлүгүбүздүн эсибизде жана аларды күнүмдүк турмушубузда колдонуп келебиз. Алсак кышка же оор абалга даярданбай турган кишини ийнеликке, иштемчил адамды кумурскага окшотобуз. Дал ушул тамсилдер аркылуу адамдарды же алардагы жаман сапаттарды ал кишинин ысымын колдонуп маскаралабастан, инсандын укугун сыйлап, кыйытуу, каймаланоо менен берет. Мындай ыкма Мевлананын чыгармачылыгын коштоп жүрөт, улуу ойчулду изилдөөчүлөр белгилегендей, анын поэтикалык мурастарында эле эмес, адамзаттын өсүп-өнүгүүсү, алардын өз ара мамилелери тууралуу баа жеткис методологиялык, философиялык жана педагогикалык мурастарында да аллегориялык образдар жетиштүү санда колдонулган. Мевлананын бүткүл дүйнөгө белгилүү 31 миң кош ыр сабында (бейт), уникалдуу тамсил жана окуяларды камтыган «Месневиси» аттуу жыйнагында, 44 миң ыр саптан турган 2073 газелди камтыган «Улуу Диванында», 4000 саптан турган философиялык жана лирикалык рубаилеринде балдарды, жалпы эле адамдарды тарбиялоого таасир этүүчү терең дидактикалык насааттар толтура.

Мевлананы терең түшүнүү үчүн «Уядан эмнени көрсө учканда ошону алат» дегендей устаты Шемс Тебризини ар тараптуу терең изилдөө керек. Азирети Мевлана устаты Азирети Шемс менен таанышуудан мурун ал аалымдын окуусун жана ошол учурдун көптөгөн көркөм, илимий чыгармаларын мыкты өздөштүргөн. Ошого карабай Шемс менен таанышуу билимдин, илимдин дагы башка терең катмарына киришине түрткү берди. Шемс ал кездеги жаш Мевлана менен таанышуудан мурун өзү ээ болгон илимди Мевланага өткөрүп бере тургандыгын жана анын натыйжасында жанынан, өмүр-жашоосунан айрыла тургандыгын түшүндө аян катары көргөн.

[10] Ибрахим Эмироглу Yanlis Dusunceve Davranislar Karsisinda Mevlana. Инсан йайынлар. – Стамбул, 2009, 13-14-б.

Ошентип ал Мевлананы жолуктурду жана алгач жолугушуусунда: «Бейазыт Бестами жогорубу же Азирети Мухаммед (С.А.В) жогорубу?» деген белгилүү соболун сурады. Мевлана аалым болгондуктан: «Азирети Пайгамбарыбыздын ар дайым жаңы тепкичке көтөрүлүп, белгилүү бир чекитте калбагандыгын, ал эми Азирети Бейазыт Бистаминин бирдей деңгээлде гана тургандыгын» айтуусу менен устаттын купулунатолуп, эки инсан дос болушту[11].

Бул достошуунун арты менен Мевлана китептерин таштап, Шемстин ички билим берүүсүнө кирди жана бири- бирине күзгү болушту, б.а., Мевлана Шемстин сүйлөгөн тили болду. Анткени Шемс көп сүйлөбөгөн, бирок терең илими менен ааламдык түшүнүктөрдөн бийикке көтөрүлүп чыгып, метафизикалык көз караштагы акыйкатты көрө билип, бул жолдо Мевлананы ээрчитип, ага өзү көргөн, сезген чындыктарды көрсөтө да, сездире да билген.Ал эми сөзгө чебер, акындык дарамети күчтүү, кепти келиштирип айткан Мевлана устатынын ойлорун эң мыкты ыкмалар менен башкаларга жеткире билген. Бул жердеги маанилүү аспект Мевлана устаты Шемстин «тили» болду. Эки инсан бир инсанда биригип, бир ой менен бир тилге келип, бул уникалдуу дуализмди түздү. Кылдаттык менен карай турган негиз – бул Шемстин Мевланага берген илиминин методикасы. Бул илимди жеткирүү, колдогу маалыматтарга таянганда, адамдан адамга өткөрүлүп берилген дүйнөлүк илим-билимдерден айырмаланып, жүрөктө туюу менен жетишүүгө мүмкүн болгон леддуни илими болуп эсептелет. Азирети Шемстин бул леддуни илими учурдагы физикалык теориялар менен кээ бир байланыштары бар экендиги айтылууда. Албетте физикалык теориялар метафизика илимин түшүндүрө албайт. Ал эми Шемстин бул таанышууну мурунтадан билүүсү же андан кабардар болуусу бул – метафизикалык көрүнүш. Материалдык нерсени жарыктын ылдамдыгы менен түшүндүрүүгө болот, бирок андан ары мүмкүн эмес. Физикалык мыйзамдар жарыктын ылдамдыгы менен аныкталат. Себеп-натыйжа байланышы өз ичинде себептүүлүктү көрсөтөт, ал эми жарык ылдамдыгынын жогорусундагы окуялар андай себептүүлүк (причинность) эмес. Башкача айтканда себеп-натыйжа байланышынын ичинде гана камтылат. Мына Шемс ушул метафизикалык кубулушта жашаган жана физикалык көрүнүштөн жогорку маалыматты практикага айланткан.

Жогорудагы физикалык түшүндүрмөлөрдүн далили катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Эсенбек Мамбетакуновдун физик-педагог катары 2012-жылы жарык көргөн макаласында[12]ал ойлор дагы бир ирет тастыкталды десек болот. Анын Желаледдин Румини **суфизм**дин көрүнүктүү өкүлү экендигин, суфизмдин үч этабы болгон **шариат**, **тарикат** жана **акыйкат** – таанып-билүүнүн үч баскычы менен дал келгендигин белгилөөсүн эске алууга илимий негиз бар.

Мевлананын илим булагы жана устаты болгон Шемси Тебризинин өз аты-жөнү – Шемседдин Мухаммед. Ал 1186-жылы туулган. Тебризилик Мелекдаттын уулу Алинин баласы эле. Устаты Текбирзи Абу Бакир Селлебафтын таалим-тарбиясын алып жетилген соң, өзү багындырган руханий макамга канааттанбай, андан да жогорку даражадагы жол көрсөтүүчүлөрдү табуу максатында сапарга аттанат. Бир канча жыл алдан-күчтөн тайгыча дүйнө жүзүн кыдырып, ошол мезгилдин бүткүл атак-даңктуу деген аалымдары менен жолугушуп чыгат. Ал учурдун аалымдары ага руханий ааламдагы даражасын кыйыр маанидеги туюнткан «Учкан Күн» – Шемс Перенде деген ысымды беришкен. Шемс бала чагынан тартып руханий жана ой жүгүртүү жагынан эркин дербиш, өзүн жоготконго чейин Алла Тааланын сүйүүсү менен жашаган адам болгон. Өзүн руханий жактан канааттандыра алган деңгээлдеги Алла Досун таба албаган жана дайыма өз деңгээлинде маек курган жолдош издеп келген. Күйүп-бышып өзүнө тең келе турган, сукбатына чыдай алган дос издеген Шемс күндөрдүн биринде эмнегедир өтө толкунданат. Алла Тааланын акыйкатын ачык-айкын көрүп, өзүн жоготкон абалда: «Оо Аллам, Өзүңдүн жаап-жашырылган сүйүүңдү мага көрсөтүүңдү өтүнөм», - деп жалбарат. Ошондо Алла Таала тарабынан анын өтүнүчү Анадолу жергесиндеги белхтик Султанул Уламанын уулу Мухаммед Желаледдин болгондугу илхам аркылуу билдирилет. Бул илхам менен Шемс 1244-жылдын 29-ноябрында, ишемби күнү таңында Коня шаарына келет.

Мевлана менен Шемс… бул эки улуу аалым, эки улуу нур, эки улуу рух… акыры жолугушат. Ал кезде Шемс 60 жашта, Мевлана 38 жашта эле. Бул кудай сүйүүсүнө толгон эки ашык бир канча убакыт эч кимге жолукпай, өз алдынча жашап, өздөрүн толугу менен Алла Таалага арнашат жана дилине берилген кудай илхамдары менен сухбатташып, сырдашат. Султан Велед мындай дейт: «Капысынан Шемс келип ага жолукту. Ага ашыктыктын абалын баяндады. Мына ушундайча улуу сырларга жетти. Шемс Мевлананы таң калыштуу ааламга чакырды».

Мевлананын ашыктык мартабасына жеткендигин ошол эле Султан Велед төмөнкүчө эскерет: «Ааламдагы эрендердин даражаларынан да жогору турган бир даража бар, ал – ашыктык аялдамасы. Бул ааламда ашыктык аялдамасы тууралуу эч бир кулак эшиткен эмес. Тебризилик Шемседдин келип Мевлана Желаледдинди эрендик мартабасынан бул заманга чейин белгисиз болгон ашыктык мартабасына жеткизди. Негизинен Мевлана тегинен ашыктык деңизинин баалуу ташы эле. Бардык нерсе айланып отуруп тегине кайтып барат тура.

Ким кимди издеди: Шемс Мевлананыбы, же Мевлана Шемстиби? Албетте, экөө тең бири-бири издеди.

Мевлана руханий сапарын, бышып жетилишин төмөнкү сөзүндө билдирген: «чийки элем, быштым,

[11] Мевлана таануучу проф. доктор Серхат Шекер менен биздин маектен. Варшава, октябрь 2012.

[12] Мамбетакунов Э. Мевлананын сырдуу ааламы (алгы сөз ордуна). Китепте: С.Идирисов, Н.Содиков Мевлана Желаледдин Руминин Месневиси (тандалган аңгемелер)// «Шоокум» журналынын басылмалар сер. - 4. - Б.: 4-5- бб.



НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА № 7, 2015

күйдүм».Ал атасы Султанул Улама Бахаеддин Веледдин жана сейийд Бурханеддиндин касиеттүү деми менен бышты, Шемстин нурдуу күзгүсүнөн көргөн өз сулуулугун ашыктык отуна күйүп-жанды. Мевлана Шемс менен Коняда жолукканда толугу менен улуулукка жеткен адам эле. Шемс Мевланага күзгү болду. Мевлана Шемстин күзгүсүндө өзүнүн теңдешсиз сулуулугуна ашык болду. Башкача айтканда, Мевлана дилиндеги кудай сүйүүсү Алла Таалага болгон ашыктыгынын даражасын туюнтту. Анткени Мевлана Шемстен Алла Тааланын жамалынын жаркыраган чагылышуусун көрө алды. Мевлана ачылганы турган бир гүл болчу, Шемс ага жагымдуу желаргы болду. Мевлана ашыктык шарабы эле, Шемс ага чөйчөк болду. Мевлана тегинен улуу адам эле, Шемс ага бакыт көрсөттү.

Шемс менен Мевлана тууралуу сөз түгөнбөйт. Акырында айтаарыбыз: Шемс Мевлананы күйгүздү, бирок бул жанар тоодон кайнап чыккан от дайрага айланды, ал оттун ичинде өзү да күйдү.Шемс менен жолуккан Мевлана өзүн толугу менен Шемстин сухбаттарына арнап, Шемстин нуруна берген. Таптакыр башкача ааламга кирген. Шемстин тартуу күчү менен тегеренип, кудайдын сүйүүсү толуп-ташты. Бул эки кудай досу дербиштердин сукбаттарындагы куттуу сырды түшүнө албагандар аркы-берки сөздөрдү айта башташты. Натыйжада Шемс ыңгайсыз абалда калды жана Мевлананын жалынып-жалбарганына карабастан 1246-жылы 14-мартта бейшемби күнү Конядан Шамга карай сапар тартты.

Шемстан айрылып өтө терең азапка түшкөн Мевлананын ыр түрүндө жазган каты Султан Веледдин жардамы менен Шамга жөнөтүлдү. Белектер менен кошо Шемске тапшырылды. Шемс Мевлананын ыр түрүндө катындыгы чакырыкты аңдап, анын чакырыгын кабыл алып, 1247-жылы Султан Веледдин кербени менен кошо Коняга кайтып келди.Шемстин Коняга кайра келишине баары кубанды. Мевлана да кусалыктын азабынан кутулду. Ошентип, Шемстин урматына сый-тамак берилди. Адаттагыдай кудай сүйүүсү менен толгон сукбаттар уюштурулду. Бирок бейпилчилик, сүйүү, достук менен өткөн күндөр көпкө созулбады. Ушак-айыңдар, ыңгайсыз абалда калтырган кыйынчылыктар кайрадан башталды. Шемс ал бактысыз ушак-айыңчы коомдун кайрадан кекке толгонун, дилден сүйүү кетип, акыл-эси напсинин туткунуна түшкөнүн түшүнүп, өзүн жок кылууга аракет кылып жатышканын байкайт. Ошондо Султан Веледге айтат: «Өзүң көрүп тургандай, кайрадан адаша башташты. Туура жолду көрсөтүүдө билиминде теңи болбогон Мевланадан мени ажыратууну, алыстатууну, андан соң муну менен өздөрүн жубатууну каалашууда. Мен эми кетемин, бул жолу менин кайда кеткенимди эч ким билбейт. Издеп да таба алышпайт. Менин артымдан белги да таба алышпайт. Канча жыл өтсө дагы артымдан из да көрө алышпайт».

Мына ошентип Султан Веледге арыз-муңун айткан Шемс 1247-1248-жылдары Конядан капысынан чыгып, дайынсыз жоголот. Шемс кеткен соң Мевлана кез келген адамдардын баарынын анан дайынын сурай берет. Шемс жөнүндө куш кабар айткан адамга селдесин, чапанын белекке берип ыраазычылык билдирет. Күндөрдүн биринде бир адам Шемсти Шамда көргөнүн айтат. Мевлана бул кабарды угуп абдан кубанат да, ал кабарды айткан адамга жанындагы болгон нарсенин баарын берип салат. Жакындырынын бири ал адам жалган айтып жатканын билдиргенде Мевлана мындай дейт: «Ооба, анын жалган кабары үчүн жанымда болгон нерсенин баарын бердим. Эгер туура кабар болгондо жанымды да бермекмин».

Мевлана Шемсти аябай издейт. Андан ажырагандан кийин өзөктү өрттөгөн, жүрөктү сыздаткан канчалаган ырларды жазат. Аны издеп эки жолу Шамга барат. Бирок Шемсти таба албайт. Шемсти издеп Шамга барган жылдар так белгисиз болсо да, айрым маалыматтар боюнча, 1248-1250-жылдар аралыгында экендиги айтылып келет. Султан Велед билдирген маалымыт боюнча, Мевлана Шемске физиологиялык турпатында жолукпаса да, руханий абалда жолукту. Ай сымал жаркыраган Шемс тууралуу Мевлана мындай дейт: «Физиологиялык жактан андан алыстамын, бирок экөөбүз тең жансыз абалдагы нурбуз. Эй издеген киши! Кааласаң аны көр, кааласаң мени... Мен – алмын, ал – мен»...

**Литература:**

1. Ибрахим Эмироглу Yanlis Dusunceve Davranislar Karssinda Mevlana, Инсан йайынлар. - Стамбул, 2009, 13-14-б.
2. Мевлана таануучу проф. доктор Серхат Шекер менен маектен. Варшава, октябрь 2012.
3. Мамбетакунов Э. Мевлананын сырдуу ааламы (алгы сөз ордуна). Китепте: С.Идирисов, Н.Содиков Мевлана Желаледдин Руминин Месневиси (тандалган аңгемелер) // «Шоокум» журналынын басылмалар сериясы - 4. - Б.: 4-5-бб.
4. Идирисов С., Содиков Н. Мевлана Желаледдин Руминин Месневиси (тандалган аңгемелер) // «Шоокум» журналынын басылмалар сериясы - 4. - Б.: 9-16-бб.
5. Идирисов С., Содиков Н. Мевлана Желаледдин Руминин Месневиси (тандалган аңгемелер)// «Шоокум» журналынын басылмалар сериясы – 4. – Б.: 9-16-бб.

**Рецензент: д.пед.н., профессор Калдыбаев С.**